***СыдыгалиевМ.У. -*** *жаза аткаруу укугу жана криминология кафедрасынын окутуучусу*

**УДК:334.9:349.6**

# ЭКОЛОГИЯЛЫК КЫЛМЫШТУУЛУКТУН КРИМИНОЛОГИЯЛЫК МУНӨЗДӨМӨСУ

***Аннотация:*** *Экологиялык кылмыштуулук коомго коркунучтуу болгон жана жайылган мыйзамга каршы иш аракеттердин бири болуп саналат. Башка демографиялык, экологиялык, социалдык мунөздөгу терс жагдайларга ээ болгон экологиялык укук бузуучулук менен биргеликте бугунку кундө улуттун коопсуздугуна коркунуч жаратат.*

***Аннотация:*** *Экологические преступления являются одним из наиболее общественно опасных и распространенных видов противоправных деяний. В совокупности с другими экологическими правонарушениями по тяжести своих отрицательных последствий демографического, экологического, социального характера они представляют сегодня реальную угрозу национальной безопасности.*

***Annotation:*** *Ecological crimes are one of the most socially dangerous and widespread types of illegal acts. In total with other ecological offenses on weight of the negative consequences of demographic, ecological, social character they pose real threat of national security today.*

***Негизги сөздөр:*** *Кылмыштуулук, экологиялык кылмыштуулук, демография, укук бузуучулук, коомго коркунучтуу иш аракет, укук коргоо органдары, кылмыщтын алдын алуу, жалпы социалдык алдын алуу иш чаралары.*

***Ключевые слова:*** *Преступность, экологическая преступность, демография, правонарушения, общественно опасное деяние, правоохранительные органы, профилактика преступлений, обше социальные меры.*

***Keywords:*** *Crime, ecological crime, demography, offenses, socially dangerous act, law enforcement agencies, prevention of crimes, is general social measures.*

1. Экологиялык кылмыштуулуктун криминологиялык тушунугу
2. Экологиялык кылмыштардын себептери жана шарттарынын өзгөчөлуктөру
3. Экологиялык кылмыштар менен курөшуу

## 1. Экологиялык кылмыштуулуктун криминологиялык тушунугу

Курчап турган табигый чөйрөну коргоо - замандын бирден-бир актуалдуу көйгөйлөрунун бири. Илимий-техникалык прогресстин жана антропогендик басымдын табигый чөйрөгө тийгизген таасири албетте, экологиялык ситуациянын оорлошуна алып келет: табигый ресурстардын запасын бузуу, табигый чөйрөну булгоо, адам менен табигат ортосундагы табигый байланышты жоготуу, эстетикалык баалуулуктардын кучун жоготуусу, адамдардын физикалык жана адеп-ахлактык саламаттыгына зыян келтируу сыяктуу көйгөйлөр жаралат.

Акыркы жылдары экологияга аябагандан коркунуч жаратуучу мыйзамсыз журум-турумдар байкалууда. Мисалга алып карасак, жуздөгөн тоннадагы радиоактивдуу, уулуу заттарды, медициналык калдыктарды жер алдына көмуу.

***Экологиялык кылмыштуулук*** - бул коомго коркунучтуу, экологиялык коркунуч же коомдун экологиялык коопсуздугуна зыян алып келуучу баардык жер шаарынын тируу биологиялык негизин бузуучу нерсе.

Акыркы учурдагы экорлогиялык кылмыштуулуктун уюшкандык жана кесиптик турдө жасалып жатышы өзунө көңул бурдуруп келет. Кылмыштуу бизнес менен алектенуу учун уюшкан кылмыштуу топтор тузулөт. Жасалган экологиялык кылмыштардын болжоол менен 70-80%ы транснационалдык мунөзгө ээ. Экологиялык кылмыштардын өсушунө антропогендик факторлордун таасири чоц. **2.Экологиялык кылмыштардын себептери жана шарттарынын езгечелуктеру**

Экологиялык кылмыштардын жасалышын өз ара аракеттенген себептердин комплекси көптөгөн ар турдуу жагдайлардан турат.

Кыргыз Республикасынын пландуу экономикадан базар экономикасына өтуусу оң жыйынтыктар менен катар экономикалык жана экологиялык көйгөйлөрдун чыгышына алып келди. *Экологиялык кылмыштуулуктун жагымсыз тенденциясынын себептеринин келип чыгышы өлкөдөгу кайра куруу дооруундагы пайда болгон социалдык, экономикалык абалдарга байланыштуу.*Коомдун, мамлекеттин жана анын жарандарынын табигатты пайдаланууга кызыкчылыктары артып, ал эми курчап турган чөйрөну коргоого кайдыгерлик жаралды. Өндуруштөрду төмөндөтуу, көп ишкананалардын табигатка тийгизген зыяндуулугун минималдаштыруу сыяктуу талаптардан баш тартып, чыгымдарын унөмдөөгө туртту. Табигатты пайдалануу тармагында иштеген ишканалардын айлана-чейрену коргоо боюнча иш чараларды талапка ылайык аткарбагандыгын жетекчилери иштелип чыккан экологияны коргоо боюнча иш чаралардын эскирип колдонууга жарабагандыгы менен байланыштырышат.

Өлкедегу жаратылыш ресурстарынын баасынын төмөндугу аларга ээ болуп эксплуатациялоо менен кыска аралыкта көп киреше табуу максатына жетелейт.

Антиэкологиялык мунөз тышкы экономикалык байланыштарда да катталат. Өлкөдөн сыртка чыгып жаткан жаратылыш ресурстарынын арасынан да контрабандалык жол менен ташылып жаткандыгын байкоого болот.

Өлкөдө адамдын саламаттыгына зыян алып келуучу уулуу калдыктар, ядердук материалдар тазаланбай же кайра иштетилбестен, чогулуп жаткандыгы бул өлкө калкынын экологиялык саламаттыгына аябагандай кооптуу болуп эсептелет.

Өлкөдө жаратылышты пайдалануу чөйрөсундө иштеп жаткан орто жана чоң чет өлкөлук ишканалар кошумча чыгымдардан качып, өлкөнун территориясына экологиялык жактан зыян өндуруш калдыктарын таштап жатат.

*Экологиялык кылмыштуулуктун өсушу мыйзамдагы карама-каршылыктардын болушуна, мыйзамдардын толук жакшыртылбагандыгына байланыштуу.* Бул экологиялык кылмыштар учун жоопкерчиликти камтыган мыйзамдарда катталат.

*Экологиялык кылмыштардын өсушун шарттаган дагы бир фактор бул мамлекеттик көзөмөлдөө органдарынын талаптагыдай иш алып барбагандыгы, кадр маселесиндеги реорганизация эсепетелет.* Административдик реформалоолордун жыйынтыгында көзөмөлдө органдарынын бирде жоюлуп, бирде тузулушу көзөмөлдө системасын алсыратат.

Мындай шартта албетте мамлекеттик экологиялык коргоо органдарын кемчилигин толуктоодо укук коргоо органдарынын ролу чоң. Ушундан улам, экологиялык кылмыштар менен курөшу укук коргоо органдарынын негизги багытына айланбастан тескерисинче, экологиялык кылмыштарды жөнгө салуу алсырады.

Экологоиялык кылмыштуулуктун себептерине төмөндөгулөрду кошсок болот:

Укук коргоо органдары менен жаратылышты коргоо органдарынын өз ара байланынын алсырашы; органдарды каржылык жана материалдык-ресурстук жактан колдоонун төмөндугу; коомдун экологиялык кылмыштар менен курөшуугө активдуу катышпагандыгы, экологиялык маданияттын калк арасында, коммерциялык, коммерциялык эмес уюмдар арасында, өндурушчулөрдө жоктугу.

**2.Экологиялык кылмыштар менен курөшуу**

Экологиялык кылмыштуулук менен курөш төмөндөгулөр менен байланыштуу:

Мамлекеттик экологиялык саясатты калктын кызыкчылыгын эске алуу менен жургузууну приоритеттуу багыт кылуу;

Мамлекеттик, коммерциялык жана башка уюмдар, кызматтагы адамдар, ишкерлер жана жарандар тарабынан экологиялык мыйзамдардын аткарылышын камсыздоо;

Экологиялык мамилелерди жөнгө салган мыйзамдарды жакшыртуу, ондоо-тузөөлөрдуу киргизуу;

Өлкөдөгу экологиялык мыйзамдуулукту жана тартиптуу бекемдөө көзөмөлдөө, укук коргоо органдарынын ишмердуулугун жакшыртуу;

Экологиялык кылмыштуулуктун алдын алуу жалпы социалдык жана атайын иш чараларды өткөруугө шартталган. Жалпы социалдык алдын алуу иш чаралары

мамлекеттин экономикасын бекемдөөгө, калктын социалдык абалын жана экологиялык, укуктук маданиятын көтөрүүгө багыт алышы керек. Биринчи кезектеги иш-чаралар болуп калктын экологиялык бейпилдигин камсыз кыла турган мыйзамдарды жакшыртуу жана мамлекеттин баш мыйзамы болгон конституциядагы кепилдиктерди камсыз кылуу болуп эсептелет.

Калктын экологиялык коопсуздугу камсыз кыла турган мыйзам базаларын жакшыртуу бир катар мыйзамдарды дароо кабыл алууга байланышкан. Кабыл алынган укуктук ченемдик актылар терең, ар тараптуу анализделген, укуктуу колдонуу практикасында иштеп кете тургандай шартка жооп берүүсү кажет.

*Адамдын экологиялык укуктарынын бузулушун алдын алуусу үчүн ар кандай иш чаралар иштелип чыгышы керек.*

Мамлекеттин айлана-чөйрөнү коргоо боюнча иш чараларды жүзөгө ашыруу мамлекет тарабынан бөлүнгөн материалдык, каржылык каражаттар менен жабдылышы абзел.

*Экологиялык кылмыштуулук менен күрөштүү жүргүзүүдө экологиялык кылмыштуулук жашоонун негизи болгон саламаттыкка, адамдын өнүгүшүнө зыян экенин эске алуу маанилүү. Ушундан улам, укук коргоо органдарынын кылмыштуулук боюнча күрөшүн күчөтүү экологиялык кылмыштуулук менен күрөшүүдө чоң мааниге ээ.*

Экологиялык жагдайдын начарлашы шартында мамлекет тарабынан каралган чаралардын күчөтүү мезгилдин талабы. Акыркы учурдагы экологиялык кылмыштардын толук изилденбөөсү жана бетинин ачылбагандыгы кылмыштын өсүшүнө шарт түзүүдө.

Кылмыштарга чегерилүүчү жазаларды дайын-дап жатып сот органдары бардык жагдайларды, бул кылмыштардын калктын экологиялык коопсуздугуна зыян алып келип жаткандыгын эске алуулары кажет.

Ар бир жаратылыш объектисин булгоо жанжуу жандыктарга, жердеги, суудагы зыяны аябай чоң. Демек экологиялык кылмыштар менен күрөшүү -калктын ден-соолугуна болгон камкордук.

**АДАБИЯТТАРДЫН ТИЗМЕСИ:**

1. Ермаков В.Д. Обеспечение права граждан на возмещение вреда от экологических правонарушений // Россия в третьем тысячелетии. М., 2004.

2.Винокуров Ю.Е., Винокуров А.Ю. Обстоятельства, способствующие совершению экологических правонарушений, и основные пути их устранения. М., 2006 г.

3. Жевлаков Э.Н. Экологические преступления. М., 2007 г.

4. Дубовик О.Л., Жалинский А.Э. Причины экологической преступности. М., 2008 г.